КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК ҮЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин кезексиз XXI сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 23-сентябры №01-06/12-37 Үч-Коргон айылы

**2027-жылда Кадамжай райондук өнүктүрүү фондуна сунуш кылынып жаткан "Үч-Коргон" Муниципалдык ишканасына фронталдык жүктөгүч сатып алуу боюнча долбоорго макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 2016-жылдын 16-майындагы №59 Мыйзамынын III глава 13-беренеси жана XVI глава 78-беренесине таянып, Үч-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Үч-Коргон айыл аймагындагы "Үч-Коргон" Муниципалдык ишканасына фронталдык жүктөгүч сатып алуу боюнча Кадамжай райондук өнүктүрүү фонду менен каржыланып жаткан долбоорго Үч-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн өздүк салымы катары жалпы 1 289 885 (бир млн эки жүз сексен тогуз миң сегиз жүз сексен беш миң) сом акча каражаты 2027-жыл жергиликтүү бюджеттин эсебинен бөлүнүп берилсин.

2. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткаруу жагы жана бөлүнгөн каражатты максаттуу пайдалануу жана ондоо иштерин сапаттуу жүргүзүү боюнча жоопкерчилик Үч-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Ж.Насировго милдеттендирилсин.

3. Бул токтом Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн расмий uchkorgon.gov.kg. веб-сайтында жарыялансын.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңешинин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Д.Ахуновага милдеттендирилсин.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Үч-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин "Финанс жана бюджет" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Бердибеков**